Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№9 [16967] ИШЕМБИ, 19/04/2025

## ЭМГЕГИН ЭЛ БААЛАГАН КАДЫРМАН ПЕДАГОГ



4-бетте

## КӨЗ - ЖАШООНУН НУРУ



5-бетте

## БҮТ ЭЛДЕР, БҮТ ААЛАМ, БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮ



2-бетте

## АГАМА КАТ...



8-бетте

## Арналган илим-билимге Асыл ой анын дилинде



8-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити

**Ош жаңырыгы**

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
А.Матиева

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 435**
**Нускасы: 1900**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.



Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.



**Байланыш:**
Кабылдама: **7-13-34**
Жооптуу катчы: **7-10-02**
Жарнак бөлүмү: **7-11-31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**


Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Эльчибек Джантаев Кара-Кулжа районунда болду



Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев облустук мекеме-ишканалардын жетекчилери менен биргеликте Кара-Кулжа районуна иш сапары менен барды.

Сапардын алгачкы бөлүгүндө Кара-Кочкор айыл аймагынын Сары-Булак айылынын "Ноо" участкасындагы Кара-Кулжа дарыясында кооптуу абал жаралган тилке менен жеринде таанышып чыкты.

Аталган аймакты таза суу менен камсыздаган скважина жана ага жакын жайгашкан калктуу конуш Кара-Кулжа дарыясынын жээгинде жайгашкан. Акыркы жылдары климаттын глобалдык өзгөрүшүнүн кесепетинен дарыянын ташкындашы скважинаны жана тургундардын үйлөрүн суу каптоо коркунучуна алып келүүдө. Эльчибек Джантаев кырдаалды жеринен көрүп, тиешелүү жетекчилерге суу ташкындын алдын алуу боюнча иштерди тез арада баштоону тапшырды.

Белгилей кетсек, буга чейин облустук өнүктүрүү фондуна дамба куруу үчүн долбоордук сметалык документтерин (ПСД) жасатуу боюнча долбоор даярдалып, 1 000 000 (бир миллион) сом акча каражаты бөлүнгөн. Учурда тендерге берилип, дамбанын долбоордук сметалык документтерин (ПСД) жасатуу иштери жүргүзүлүп жатат.

Ал эми аталган аймакта жыл сайын жаз-жай мезгилинде жаан-чачындын жана тоолордогу кардын эрүүсүнүн натыйжасында Кара-Кулжа дарыясынын деңгээли көтөрүлүп, дарыянын оң жээгин жеп, кооптуу абал түзүлүүдө. Бул аймакты коргоо үчүн дарыянын оң жээгине 100 метр узундукта эки дамба куруу зарылдыгы бар.

Андан соң, облус башчысы Кара-Кулжа айыл аймагынын Кара-Кулжа айылындагы "Тынчтык" паркына барып, көчөт отургузуу иш-чарасына катышты.

"Тынчтык" багынын жалпы аянты 28 гектарды түзөт. Жергиликтүү бийлик бул аймакты натыйжалуу пайдаланып, заманбап эс алуу багына айлантуу жана айыл өкмөтүнүн финансылык абалын чыңдоо максатында бир катар келечектүү пландарды белгилеген. Облус жетекчиси бакты кыдырып, алды курула турган курулуштар боюнча өзүнүн сунуш-пикирлерин айтып өттү.

# КООРДИНАЦИЯЛЫК КЕҢЕШМЕ



Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жыйындар залында облус жетекчисинин биринчи орун басары Курбанбек Айтибаевдин төрагалы алдында Координациялык кеңешме өттү.

Жыйынга Ош облусунун прокурорунун орун басары, Ош облусунун ички иштер башкармалыгынын башчысынын коомдук коопсуздук боюнча орун басары, ошондой эле райондук мамлекеттик администрация башчылары-акимдердин орун басарлары, райондук билим берүү жана тиешелүү мекеме-ишканалардын жетекчилери катышты.

Кеңешменин жүрүшүндө укук бузуулардын алдын алууну жүзөгө ашырган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан балдар арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча аткарылган иштердин абалы тууралуу маселе каралып, тиешелүү кызматкерлер баяндама жасашты.

Андан соң, баяндамада айтылган кемчиликтер талкууга алынып, аларды чечүү боюнча сунуш-пикирлер ортого салынды. Соңунда Курбанбек Айтибаев күн тартибинде каралган маселе боюнча бир катар тапшырмаларды берди.

# "БҮТ ЭЛДЕР, БҮТ ААЛАМ, БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮ"



Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 80 жылдыгына каратаАлтай облустук филармониясынын кызматкерлери жана башка чыгармачыл топтор менен биргеликте Бабур атындагы Ош мамлекеттик өзбек академиялык музыкалык драма театрында "Бүт элдер, бүт аалам, бүт жер жүзү" аталышындагы концерттик иш-чара өткөрүлдү.

Иш-чарага Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Талантбек Арстанкулов, Алтай крайынын Өкмөтүнүн Төрагасынын орун басары Игорь Степаненко жана башка расмий коноктор катышты.

Маданий саамалыктын алкагында Алтай облусунун Г.Н. Полевов атындагы "Огоньки" орус бий ансамбли жана Алтай крайынын мамлекеттик филармониясынын чыгармачыл жамааты көрүүчүлөргө атайын даярдалган концерттик программасын тартуулашты.

Белгилей кетсек, бул маданий иш-чара Россия Федерациясынын Алтай аймагы менен Ош облусунун ортосундагы соода-экономикалык, илимий-техникалык жана маданий кызматташтык келишиминин алкагында уюштурулуп, эки облустун ортосундагы достук мамилелердин мындан ары да бекемделишине өбөлгө түзөт.

**Даярдаган:**
**К.Кыдыралиева**

**Сүйүктүү акем Асанов Бакытбек Амангелдиевичке арнаймын**

# АГАМА КАТ...



**Адам өмүрү кандай гана кыска. Бул кайгы менде кечээ эле болгондой, кечээ эле мен сиз менен көрүшкөндөй, бирок, чындык мага сездирет, мен сизди сагынам, мен, ата -энебиз, туугандар,баарыбыз сагынабыз. Бакыт аке, билсеңиз, жоктугуңуз мага абдан сезилет, ата энебизге андан бетер... Ата -эне үчүн өзүнүн баласын жоготуу, жаш, күлгүн курагында жоготуу өтө оор, бүтүндөй трагедия. Апамын абалын ойлогонумда жүрөгүм кан жутат, бечара апам дагы деле сиздин сөзүңүздү кайталайт:"Менин апам дүйнөдөгү эң мыкты апа!". Атабыз болсо, абдан нарктуу, билимдүү, өтө көп окуган, дээринен руху күчтүү адам, сиз о дүйнө кайтканыңыздан кийин абалы мурункудай болбой калды, ооруп, жети саат операция болду. Эрктүү киши болсо да бул айыкпас оорудан -баладан ажыроодон кыйналып жүрөт. Сиз баарыбыздын жүрөгүбүздүн бур бурчунан алып кеттиңиз...**

Сизди жоготконубузга 11 жыл болду. Кантсем да сиздин келбес жакка кеткениңизге ишенгим келбейт дагы деле. Элдер убакыт өтүп, жараат айыгат дешет, бул сөздөр мен үчүн эмес окшойт. Мен ушул күнгө чейин жаныбызда жоктугуңузга ишене албаймын. Сизге өзүмдө болгон жаңылыктарды айткым келет, кубанычым менен бөлүшкүм келет. Ошондуктан кат жазып сизге, сиз менен сүйлөшүп турайын. Мурункудай эле менин көзүмө жапшашсыз, көздөрүңүз жаркырап- жайнап күлүп турат, чачтарыңыз капкара, ачык мүнөз, тамашакөйсүз, кийимиңиз таалтаза, жакшынакай, өзүңүзгө укмуштуудай жарашып турат, дагы деле ошол мүнөзүңүздөн жазбай жүрөсүзбү, ошондой элесизби? Бакыт аке билесизби? Кандай гана кайгылуу, ото оор күндөрдү сиз жок өткөрдүк, ар бирибиз өзүбүзчө кайгы, муңга баттык, бири -бирибизди аяп сыртыбыздан билдирбей, бирок, ичибизден кан жутуп, жүрөгүбүз миң бөлүккө бөлүнүп жатканын өзүбүзгө маалым. Ал кайгыны сөз менен айтып болбойт, андай трагедияны дүйнөдө эч кимдин башына Кудайым салбасын...

Өмүрүмдө көп окуялар болду, ар кандай акыбалдарда дайыма сизди эстейм. Сиздин колдооңуз, кеңешиңиз жетпейт мага, сиздин ордунуз башка. Убакыт куштай учат зымырап, күн да чыгат, түн да кирет, күндүр айга айланып, айлар жылга айланып, жашоо, турмуш баары өзгөрүп атат, бирок жүрөкө кеткен жаракат айыкпайт экен, ал жарылбаган жарадай болуп мезгил- мезгили менен сыздатып кала берет экен.

Бакыт аке, сиздин ар тараптуу талантыңызга таң калуудан тажабаймын. Бир адамдын көп чыгармачылык таланты болгону таң калыштуу. Көп көгүчкөндөрдү бакканыңыз эсимде. Азырга чейин жолду унутпай биздин эски үйдүн чатырына келип конуп алышат. Апам көгүчкөндөр үйдүн баарын ээлеп алышат деп урушар эле. Сиз жаныбарларды жакшы көрөр элеңиз. Жаан нөшөрлөп жаап жатса да аларды карайт элеңиз. Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовго окшоп зооветеринар болом деп айтчусуз.

Техникумду артыкчылык менен бүтүрдүңүз. Мен болсо сыймыктанып, "менин агам эң мыкты, артыкчылык менен окууну бүтүп, кызыл диплом алды" деп мактанчумун. Эмгек жолунузду Сузак районунда "Дружба" совхозунда фермада жумушчу болуп иштеп баштадыңыз. Анан бригадирдин орун басары, бригадир болдуңуз. Комсомолго өттүңүз, кийин зоотехник кызматында иштедиңиз. Жамаатташтарыңыз, саанчылар сизди биздин"Бакынтоо" дешет эле. Демек, сиз алардын да жүрөгүнөн татыктуу орунду ээлепсиз, биздин эле эмес, алардын да бакыты, жөлөгү болупсуз.

Алар сизди аябай сыйлап, жакшы көрүшөт эле эле. Таң эртеңмене үйүбүздүн алдына келип, "Бакынтоо кеттик" деп айтышчу. Биргеликте тонналаган сүт ташыйт элеңер. Ошол кез: күндөр, айлар, жылдар мен үчүн алтын жылдар экен көрсө, азыр мен ал убакты менин өмүрүмдөгү сыйкырдуу жылдар катары эстейм. Ооба, биз адам баласы ушундай экенбиз, жоготкондо гана баалайбыз, жашоодо барында байкабайбыз. Кыргыздарда «Колдо бар алтындын баркы жок» деген накыл сөз бекеринен айтылбаган экен. Көрсө сиз жылдызга окшоп "жарк" этип жанып, анан тез эле өчүп калганы жаралган экенсиз. Бакыт аке жүрөгүбүздү канатып, түгөнгүс арманга салып кеттиниз го....

Жайындасы ата-энебиздин үйүндө жомоктогудай мезгил болот. Баары жок гүлдөп, аба жагымдуу жыттанып, жапжашыл теребел суктантат. Атам бакты өстүрүүгө аябай устат, алма, өрүк, гилас, анар, жүзүм жана башка мөмөлүү дарактар, гүлдөрдүн түрүн өстүрөт. Апам болсо очокто даамдуу тамактарды жасачу. Бакыт аке, сиз, фундамент куюу болобу, курулуш болобу, бардык үй жумушун дээрине жеткире аткарчусуз. Ата энебиз сизди колдоп, кемчилигин айтпай, мактап коюшар эле. Кай жакта калды ошол күндөр? Кана эле эми ошол күндөрдү бир мүнөткө болсо да кайтарып берсе...

Бакыт аке, биздин балалыгыбыз бактылуулукта өттү, балдарга эмне керек болсо баары бар эле. Сүйүктүү ата, апабыз бизди мыкты тарбиялап, ийгиликтерибизге жетиштиришти, бул жашоодо өз ордубузду таап, бактылуу болушубуз үчүн бүт аракеттерин жумшашты. Атабыз менен апабыздын аракети текке кеткен жок. Бүгүн кандай ийгиликтерге жетишкен болсок, баары алардын көмөгү менен болду.

Бакыт аке, сиз ата энебизди аябай урматтап, сыйлачу элеңиз. Аларга жаш баладай камкордук көрөт элеңиз, ар бир сөзүн баалайт элеңиз. Бизге да камкор болчусуз. Мен сизден кичүү болсом да "жээке" деп койчусуз, Оштон келгенимче күтөөр элеңиз, "дасторконго олтурбай, тике турабыз" деп айтчусуз. Мен буга сүйүнүп калар элем. Сиз оптимист, жайдары инсан болчусуз. Сиздей тамашакөй адамды көргөн эмесмин. Дайыма маанайыбызды, көңүлүбүздү көтөрүп тамашалап күлдүрөт элеңиз. Адамдын көңүлүн өтө бийик коет элеңиз. Сиздей агасы бар биз абдан бактылуу элек.

Көп жакшы нерселерди Бакыт аке сизден үйрөндүм. Эсиңиздеби? Спортко кызыгуумду да сизден алдым. Бала чактан "кун фу" менен алектеним, кара кур такканыңыз эсимде. Брюс Лини баалайт элеңиз, ал тууралуу мага ал кишини легенда кылып айтып берет элеңиз. Тажабай күндө спорттук көнүгүүлөрдү үйрөтчүсүз.

Өтө акылдуу, көрөгөч, интеллектуал элеңиз. Анын себеби-китеп окуу болду, китептерди өтө көп окучусуз. Атам макул көрчү, апам эч болбосо тамак жегенде китеп окубай олтур деп айтып калар эле. Көркөм адабияттарды, романдандарды түнката окур элеңиз. Достоевскийдин чыгармаларын жакшы көрөт элеңиз. Анын социалдык багыттагы чыгармаларын, психологиялык романдардын жаш кезде эле түшүнүп, туура баа берипсиз азыр ойлосом. Толстойдун, Тургеневдин, башка авторлордун китептерин кайра кайра окуп чыгар элеңиз. Өзүңүз да роман жазамын деп айтчусуз. Ким жөнүндө жана эмне жөнүндө? Ал эми табышмак.....

Жашоо музыка сыяктуу, көп кырдуу: кээде кубанычтуу, кээде кусалуу, ар түрдүү. Бакыт аке, сиз турмуш жана башка темадагы ырларды жакшы көрчүсүз. Асанкалый Керимбаевдин, Рыспай Абдыкадыровдун, Зейнеп Шакеевдын, Шахра Талиповдын ырларын угат элеңиз.Башка элдин ырчыларынан Анна Герман, Муслима Магомаевдин ырларын жакшы көрчүсүз. Өзүңүз да аккордеон менен жагымдуу ырдачусуз. Апам сизди окуган окуу жайыңызга издеп барса, музыка сынагы болуп атыптыр. Сиз Асанкалый Керимбаевдин "Гүлдөр гүлгө арзуу айтып ачылат" аттуу ырын мыкты аткарып, аябай кол чабуулар болгон экен. Апам аябай толкунданганын айтчу. Биз бул талантыңызды да ошондо билдик. Кийин ырдап жүрдүңүз дайыма. Сиздин мундуу ырларды ырдаганыңызды эстесем жүрөгүм сыздап, токтоно албай ыйлаймын. Ошол ырларды уккан сайын, ал ырлар - сиздин кыска өмүрүңүздү, күлүп турган коздоруңузду, сиздин боорукердигиңизди, ата энеме болгон сүйүүңүздү, кесибиңизге болгон сүйүүңүздү, дегеле жашоого болгон сүйүүңүздү мага эскертет. Сиз дүйнөдөн кеткениңизде биздин тообуз кулаган экен......

Жакындарың менен түбөлүккө алыс боло албайсың, жаныңда гана болбой калышат. Бул сиз жөнүндө Бакыт аке. Сиз дайыма биз мененсиз. Сиздин чынчылдыгыңыз, башкаларга болгон урматыңыз, жароокердигиңиз, ырайымдулугуңуз, боорукердигиңиз, жакшы сөздөрүңүз, камкордугуңуз дайыма башкалардын да, биздин да эсибизде. Бул сапаттарды жакшы адамдар гана түшүнөт. Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов: "Адам аны билгендер жашап турганга чейин жашай берет" ( "Человек не умирает до тех пор, пока живут люди знавшие его"),-деп айткан. Сизди билген адамдардын жүрөгүндө түбөлүк жашайсыз Бакыт аке.

Бакыт аке, сиз көп нерселерге кызыгып, көп нерсени билүүгө умтулчусуз, абдан акылгөй элеңиз, баары эле мындай боло албайт. Сиздин өзүңүз тарткан биздин сүрөттөрүбүз муну айгинелейт бүгүн. Атамы, апамы, инибизди туугандарды, жакындарыбызды ар түрдүү ракурста фотоаппаратыңыз менен сүрөткө тарттыңыз. Ошо фотоаппарат менен кошо уктап да калчусуз. Чыгармачылык менен иштээр элеңиз сүрөт тартканда да. Азыр өз колуңуз менен тарткан ошол сүрөттөрүңүз биздин сиз менен жүргөн бала чактагы бактылуу көз ирмемдерди эскертип келет.

Бакыт аке, сиз өзүңүздүн көздөгөн максатыңызга жеткиче жеңил эмес жолду басып өттүңүз. Өзүңүздүн чекисттик кызматыңызда татыктуу иштедиңиз. Фрунзе( азыркы Бишкек) шаарандыга Скрябин атындагы айыл чарба институтун аяктаган соң УКМКнын Жалал Абад облустук башкармалыгына кызматка орноштуңуз жана ошол кызматыңызда үзүңүздүн өмүрүңүздүн жыйырма жылын акыркы мүнөттөрүнө чейин иштедиңиз.

Мамлекетибиз эгемендүүлүк алган биринчи күндөрдөн тартып татаал мезгилдерде республикабыздын коопсуздугу үчүн өзүңүздү өз ишин сүйгөн, жоопкерчиликтүү, күжүрмөн, эмгекчил катары көрсөттүңүз. 1999 - 2000 жылдары Баткен окуясы болгондо эл аралык террористтер менен күрөштө биринчилердин катарында болдуңуз. Ал эми 2002 жылы Аксыда да окуянын чордонунда болдуңуз. 2010 жылы Ош жана Жалал Абадда болгон окуяларда да коомдук коопсуздукту сактоого түздөн түз катыштыңыз.

Мамлекетке жана калкка көрсөткөн кызматыңыз үчүн 2005 жылы Кыргызской Республики Президентинин Жарлыгы менен улуттук коопсуздукту сактоодогу жана террористтерди жок кылуудагы талыкпас эмгегиңиз үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, КР Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын УКМКсынын Ардак грамотасы, медалдар жана башка мамлекеттик сыйлыктар менен сыйландыңыз. Бакыт аке, сизди баары сыйлашчу, анткени сиз чын дилден иштедиңиз, намыскөй, өз милдетиңизди так аткарган инсан элеңиз.

Сиздин үнүңүздү кандай гана уккум келет, жылмайган жүзүңүздү көргүм келет. Сиз менин таянычым, менин мугалимим, кеңешчим, сырларымды уккан камкор бир тууганым элеңиз, өмүрүңүз өткөнчө мени колдоп, коргоп жүрдүңүз.

Сиз мага азыр кол жеткиссиз, балалыктагы ата энебиздин алдында бирге жүргөн күндөрдү дайыма эстеймин. Сизге айта турган сөзүм көп болчу. Сиз аябай эрте кеттиңиз келбес сапарга, сиздин саамайыңыз агарганын көрбөдүк. Сиз абдан сулуу инсан элеңиз Бакыт аке, келбеттүү, спортчул, интеллектуал, көп окуган, көп билген адам болчусуз. Белгилүү орус жазуучусу А.П.Чехов: "Адамда баары сулуу болушу керек: жүзү да, кийими да, ички дүйнөсү да, ою да...", деп айткан. Бул сиз тууралуу эле айтылган Бакыт аке.

Бакыт аке, мен сизди сагынып кыйналганымда сизге кат жазамын, дагы көп жолу жазамын, катымда мен сиз менен мурункудай сырдашып, кеңешип турамын, кагаздын бетине жүрөгүмдө болгон ойлорумдун баарын чагылдырамын, кубанычтуу, кусалуу, сүйүнүчтүү күндөрүмдү сиз менен бөлүшөмүн. Сиз менин бир боорумсуз! Менин сүйүктүү Бакыт акемсиз! Сөз беремин, мен сизди дайыма эстеп, сиздин элесиңизди дайыма жүрөгүмдө сактаймын. Менин, биздин үй- бүлөбүздүн, жана көптөгөн инсандардын жүрөгүндө түбөлүкө жашайсыз!

Бакыт аке, мен катымдын соңуна чыктым, сиз менен коштошо албай калганыма кечириңиз...

Бакыт аке, көргүм келе берет сизди мен....
Көңүлүмдү кайгы -муң араласа,
Кээ бирде кимдир мени капалантса,
Турмуштагы кайгылуу убактарда,
Негедир көргүм келе берет сизди мен...

Чексиз зор кубанычка батканымда,
Кимдендир жакшы кабар укканымда,
Жашоодогу эң бактылуу убактарда,
Негедир көргүм келе берет сизди мен...

Аппак кар аралап басканымда,
Өзүмчө терең ойго батканымда,
Жалгыздыктан ээзилип кыйналганда,
Негедир көргүм келе берет сизди мен...

Кун кылап уясына батканында,
Асман толо сан жылдыздар чыкканында,
Айлана түн пардасын жамынганда,
Негедир көргүм келе берет сизди мен..........

**Дайыма сизди эстеп, кайгырып, бир боор карындашыңыз Дамира Асанова.**

# ЭМГЕГИН ЭЛ БААЛАГАН КАДЫРМАН ПЕДАГОГ

**Жакшы адам кай жер болбосун ошол жердин көркүн чыгарат. Арийне биз жакшы адамдар жөнүндө көзү өткөндөн кийин гана айтабыз. Тирүү кезинде айта кетүүнү ыраа көрбөйбүз.**

**Ошол жакшылардын бири Асанов Амангелди 1947-жылы 1-декабрда Жалал-Абад шаарынын Тайгараев атындагы аймактык башкармалыгына караштуу Кыргызстан айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.**

**Ата-энеси 1933-жылы колхозго кирип катардагы колхозчу болушкан. Атасы Жаманаков Асан 1938-жылы Карел-Фин согушуна, 1941-жылдан Ата Мекендик согушка катышып, 1946-жылы мекени Кыргызстанга кайткан. Иниси Үсөн согуш аяктап, 1945-жылы журтуна кайтаарда фронтто курман болгон. Уулу Авлез да Германдык фашизмге каршы согушуп Кызыл-Армиянын маршалы Н.Ватутиндин колунан алкышын алган. Кыздары Токтокан, Жумакан үй-бүлөлүү, Тайгараев аймагында жашашып, дүйнөдөн кайтышкан. Кенже уулу Төлөгөн аймак башкармалыгында эсепчи болуп иштейт.**

Аталардын даңктуу жолун улап, 1967-жылы Оштогу педагогикалык окуу жайды аяктап, эмгек жолун Сузак районундагы Чангыр-Таш орто мектебинде мугалим болуудан баштаган. Коомдук тапшырманы мектептин комсомол уюмунун катчысы болуу менен аткарган. Комсомолдун мүчөлүгүнө 1962-жылы өтүп, 1980-жылга чейин райком комсомолдун мүчөсү, бюро мүчөсү болду. КПССтин мүчөлүгүнө 1972-жылы өтүп, мына ушул жылдан баштап мамлекеттик, партиялык иштин тааснринде болгон.

1970-1977-жылдары Сузак райком комсомолунда инструктор, мектептер бөлүмүнүн башчысы, катчысы кызматында иштеп, жаштардын ишембиликтеринен түшкөн каражатка райондун борбору Сузакка Кыргызстандын Баатыр комсомолдорунун аллея эстелигин куруунун башында болгон.

Райондогу пионер уюмдарын жетектеп, мектептерге улук пионер вожатыйларды комсомолдун жолдомосу менен жиберип, алар пионердик ишти жогорку деңгээлде уюштурушкан. Ошондуктан галстуксуз пионерди, значоксуз ВЛКСМ мүчөсү мектепте жүрбөйт эле. Баштапкы комсомол уюмдардын ишмердүүлүгүн жакшыртууга көп көңүлүн бурган.

Сузак районунун 1971-1975-жылдарда социалдык-экономикалык жактан өнүгүү программасындагы «Кыргызстан айылынын келечеги жок»деген токтомго негизденип айылдарды көзгө басар жалгыз башталгыч мектеп болсо аны да жаап коюшканга ызаланып ошол кездеги Сузак райком комсомолдун мектептер бөлүмүнүн башчысы, райондук билим берүү бөлүмүнүн коллегия мүчөсү катары Амангелди Асанов, Анипа, Айсулуу Анар сыяктуу энелер менен райОНО, райисполком жетекчилери С.Акбаров, Э.Ташматовдорго ээрчитип кирип мектепти кайра ачуу жөнүндө чечимин чыгарган.

Насип буйруп туптуура 20 –жылдан кийин 1994-жылы Тайгараев атындагы айылдык кеңешине караштуу Кыргызстан айылындагы мектепти түптөө иши түздөн-түз А.Асановдун жеке өзүнүн демилгеси менен уюштурулуп, жамаатты топтоп, мектепти негиздеген. Чындыгында анын келиши менен айылдыктар чоң үмүт байлаган.



1977-1981-жылдары райком партиянын инструктору кызматында эмгектенип Компартиянын уюштуруу иштери, тарыхы боюнча көрсөтмөлүү кабинетти жасап, ал облустук кароо сынакта эң мыкты деген баага татыган. Чарбалардын, ишкана, мекемелердин жана мектептердин партиялык уюмдарынын ишин текшерүү менен гана чектелбестен усулдук жардамдарды берип, кужурмөндүүлүгүн жогорулатууга таасири зор болгон.

Кезинде райком комсомолдун, кийин райком партиянын баштапкы партиялык уюмунун катчылык милдетин аткарган.

1981-1983-жылдары партиянын Ош обкомунун марксизм-ленинизм университетинин ректору кызматына дайындалып, Ош шаарынын жана облустун райшаарларындагы партиялык, чарбалык, идеологиялык кадрлардын саясий билимин жогорулатууга илимпоз аалымдардын лекция жана семинар окууларын жогорку деңгээлде өткөрүүсүнө жетишкен.

Коомдук турмушка активдүү катышып, райондук, айылдык кеңештердин депутаты, мугалимдердин, комсомолдун, ДОСААФтын ж.б. коомдук уюмдардын республикалык съездеринин делегаттыгына жана мүчөлүгүнө шайланып, аларда чыгып сүйлөп, сунуштарын берген.

1983-1985-жылдары Ташкенттеги жогорку партиялык мектепте окуп, саясий-теоретикалык жактан билимин өркүндөткөн.

1986-1990-жылдары Араван райкомунда иштеп, райондун социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө, Ош коогалаңында улуттар аралык достукту чыңдоо, тынчтыкты стабилдештирүүдө эл арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, райондук штабды жетектеген.

1990-1992-жылдары партиянын Сузак райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, райкеңештин аппарат жетекчиси кызматында иштеген. 1992-жылы жаны түзүлгөн Жалал-Абад облустук мамлекеттик администрациясында иштеп билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, спорт, туризм жана социалдык тармактарды тейлөөнү жакшырткан.

Коомдук башталышта облустук шайлоо жана гуманитардык жардамдарды бөлүштүрүү комиссияларынын төрагалык милдетин аткарып, мектептердин материалдык-техникалык базасын чыңдоого, тарбия-билим берүү сапатын жакшыртууга салымын кошкон.

Тестиер бала кезинен адабий китептерге дилгирленген А. Асановдун демилгеси менен 1996-жыла Жалал-Абад облустук китепкаана башчысы А. Лазареванын ортосундагы түзүлгөн Келишимге ылайык мектеп базасында айылдык китепкананы ачып, көркөм китептерди өзү жүктөп алып келсе, мектептин окуу программасына ылайык предметтик окуу китептерин мектептердин китепканаларынан өзүнүн автоунаасы менен ташыган.

2017-жылы 2-майда Кыргыз Республикасынын Премьер-министри С.Ш. Жээнбеков мектеп абалы жөнүндө шаар мэри С. Авазов, курулуш агенттигинин директору К. Абдиев, ЖК депутаты М.Эгембердиев менен келип мектепти жеринен көрүп «Ушунчалык саябандуу, кооз мындай кыргыз жергесине быйыл мектеп курулушун баштайбыз, андыктан, быйыл бүтүрүп бергиле деп кыйнабагыла» деп элге кайрылган.

Бирок, мектеп курулушу башталбай жүрүп 2024 –жылы бүтүп, республикада курулуп жаткан 100 мектептин же Сузактын К.Осмоналиев, С.Эшматов, Б.Алыкулов атындагы орто мектептер менен 2024-жылдын 12-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун катышуусунда ачылып, ажонун гүл бакка оронгон даркан мектепке кут даарып келүү себеби жөнүнөн эмес.

Кезинде, 1996-жылы бюрократиялык тоскоолдуктарга карабастан А. Асанов агай өжөрлүгү менен элибиздин маданий-социалдык объектилери үчүн 4,6 га (факт 3,6) Мамлекеттик Акты алганда элдин кызыкчылыгын ойлоп, жерди сактап келген, жер мектептин карамагына калганына көңүлү шат болгон.

Ушул жерлерге ФАП, Дүйшөн палван атындагы жаштардын спорттук комплекси, балдардын спорттук мектеби курулуп айылдын облиги жакшырып, инфраструктурасы жогорку деңгээлге өнүктү.

Келечекте агайдын алган жер аянтына жаңы мектепке жанаша 200 орундуу балдар бакча - комплекси, агартуу -маданият багытындагы маданият үйү жана улуттук этно рух ордосун куруу пландаштырылууда.

Мектеп базасында эчен ирет билим берүү сапатына, адеп-ыймандуулукка тарбиялоо, экологияны сактоого арналган облустук, шаардык, зоналдык семинардык окуулар, ачык сабактар, илимий-практикалык конференциялар, абройлуу окумуштуулардын катышуусунда такай откорулуп, шаардын тарых, укук, адеп, сабактары боюнча мугалимдердин секциялык иштерин көп жылдар бою жетектеген, мектептин алдынкы иш тажрыйбасы облус, республикага жайылтылды.

Республикада эң алгачкы болуп мектеп жамааты «Мугалимдердин жана окуучулардын «Ыйман адеп Кодексин» кабыл алган. Бул багыттагы алдыңкы бай иш-тажрыйбасы убагында облуска, республикага жайылтылган. Тарыхый, билим-тарбия берүү темаларындагы макалалары басма сөз беттерине жарыяланган.

Асанов А. жетекчилигинде мектептин багыты экология, айлана чөйрөнү сактоо, окуучуларды Ата Журтту сүйүү сезимине, мекенчиликке тарбиялоо максатында мектепке мыйзамдуу болуп алган 2,0 га багында сейрек өсүүчү бак-даракктар, гүлдөр өстүрүлгөн. Энтузиазм менен 460 метрлик аралыктагы каналдан арыкты күрөк менен салышып сугат суусу алып келип бак өстүргөн. Муну билген айылдыктар Амангбай агайдын арыгы деп бүгүнкү күнгө чейин легендага айлантып, аңыз кылып айтып жүрүшөт. Мектеп «Окуучулардын жашыл өлкөсү» долбоорунун республикалык кароосунан жеңип чыккан. 2022-жылы эрте жазды утурлап жети жылдан бери үйүнүн короосунда көктөй көчөт кезинен бери өстүргөн 20 декоративдүү Крым көчөттөрүн мектепке отургузган.

Уул-кыздары ата жолун улап келишет, кызы Асанова Дамира ОшМУнун, орус филология факультетинин дүйнөлүк адабият кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент. Уулу Асанов Бакытбек улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин полковниги, УКМКнын мыкты кадрларынын бири болгон. Кызматында, иш үстүндө жүрүп 42 жашында каза болгон. Анын эмгектеги эрдиктери эске алынып шаардагы №8 жалпы орто билим берүүчү мектебине Бакытбек Асановдун ысымы ыйгарылган. Кичи уулу Амангелдиев Кубан журналисттик кесипти аркалап келүүдө.

Асанов А. агайдын жубайы Үсөнова Ибадат мугалим кесибинде иштеп 36 жыл эмгектенген, тажрыйбалуу мугалим болуп ардактуу эс алууга чыккан. Кезинде коомдук-саясий ишмер Насирдин Исановдун колунан «Ардак грамота» алганына сыймыктанып келет.

Асанов А. агайдын эмгектери, ийгиликтери бааланып, Кыргыз Республикасынын эмгек синирген мугалими наамына, ВЛКСМ БКнын «Комсомолдо активдүү иштегендиги үчүн», «Эл агартуунун отличниги», «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» төш белгилери, «Эмгек ардагери» медалы, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин, Кыргыз ССР министрлер Советинин, Кыргызстан ЛКСМ БКнын, Билим берүү жана илим министрлигинин «Ардак грамоталары», жана «Жигули» жеңил автоунаасы менен сыйланган.

Ал бүгүнкү күнү да коомчулукта жаратмандыгы, кадыр–барки, жаштардын насаатчысы, нускалуу жүрүш-турушу, өз ишин мыкты билгендиги, рухий дөөлөтү бийик, өмүрүн өлкөсүнө адал, ак ниет кызмат кылууга арнаган чыныгы мекенчил экндигин далилдеди. Буга коомдук ишке активдүү катышуу менен Тайгараев аймагындагы жүз жылдан бүгүнкүгө чейинки асыл адамдардын өмүр баяны жөнүндөгү тарыхый- энциклопедиялык китебинин автору.

**К.Амангелдиев.**

# КӨЗ - ЖАШООНУН НУРУ

**Арыков Айдарали Борконович Өзгөн районунун Куршаб айылында туулуп, чоңойгон. Ворошилов атындагы орто мектепти аяктаган. 1985-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтун бүтүргөн. 1985-1993-жылга чейин Алай райондук ооруканасында көз дарыгери болуп иштеген, Алай районунун калкына офтальмологиялык жардам көрсөтүп келген. 1993-жылдан баштап Ош облустар аралык бириккен клиникалык оорукананын “көз микрохирургия “ бөлүмүндө дарыгер болуп эмгектенип келет. 2023-жылдан баштап областык ооруканасынын көз микрохирурхия бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенүүдө. Жылына көптөгөн бейтапка офтальмологиялык жактан жардам көрсөтүшөт.**

**Арыков Айдарали Борконович, 40 жыл ичинде 10 000ден ашуун оорулууга операция жасаган. КР Саламаттыкты сактоонун мыктысы, жергиликтүү администрациянын, оорукананын, профсоюздук уюмдун Ардак грамоталары менен сыйланган. Үч баланы атасы. Алардын ичинен бирөөсү медакадемияны бүтүп, учурда Бишкек шаарындагы ооруканалардын биринде дарыгер болуп иштеп жатат. Келинчеги Жумабаева Айнагүл гинеколог-дарыгер болуп эмгектенет.**





ООАБКОда көздүн микрохирургиясы бөлүмүнүн калыптануу тарыхына токтоло кетсек, бөлүм 1958-жылы КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин уруксаты менен облустук клиникалык оорукананын курамында калктын көз ооруларын микрохирургиялык жол менен дарылоого болгон муктаждыктарын эске алуу менен, керектүү жабдыктардын жана даярдалган медициналык кадрлардын болушу менен уюштурулган.

Бөлүмдү 1958-жылдан баштап В. Е. Сергеева, 1986-жылдан КРнын эмгек сиңирген дарыгери Г. М. Мамадиновна жетектеп келген. 2023-жылдан баштап, бөлүмдү А. Б. Арыков жетектеп келет.



Бөлүм ООАБКОнын башкы копусунун 1-кабатынын оң канатында жайгашкан. 40 офтальмологиялык керебеттер бар, бөлүмдө бейтаптар үчүн 8 палата, дарылоо бөлмөсү, чечинүүчү бөлмө, кароо бөлмөсү, жабдык бөлмөсү, ашкана, жалпы колдонуудагы көмөкчү бөлмө жана керектүү медициналык жабдуулар менен операциялык бөлмө бар.

Бөлүмдө жогорку даражадагы -3 дарыгер, биринчи даражадагы-1 дарыгер, даражасы жок-3 (мөөнөтү келе элек эжаш адистер), жогорку даражадагы медайым-1, биринчи даражадагы-1, экинчи даражадагы-1 медайым эмгектенишет. Бөлүмдүн кызматкерлери өз ишин ООАБКБдун директору бекиткен кызматтык нускамалардын негизинде иштерин жүргүзүшөт. Көздүн микрохирурхия бөлүмүндө КРнын Саламаттык сактоо министрлиги бекиткен формалар боюнча эсеп-отчет документтерин жүргүзөт.

Көздүн микрохирургиясы бөлүмүндө көрүү органына жасалган хирургиялык кийлигишүүлөр:

1. Катаракта экстракциясы. Түрлөрү: Интракапсулалык экстракция, экстракапсулалык экстракция,туннелдик экстракция, факоэмульсификация, экинчи катарактаны дисцизиялоо.

2. Глаукома үчүн патогенетикалык багыттагы операциялар: синустрабекулектомия, терең кирбеген склерэктомия, вискоканалопластика.

3. Алдыңкы витреоэктомия, интровитриеалдык дары киргизүү ыкмасы.

4. Прогрессивдүү миопия үчүн склеропластикалык хирургия.

5. Склеранын арткы бөлүгүнүн трепанациясы.

6. Көз алмасынын жана көз алмасынын кошумча аппаратынын ар кандай бузулушу үчүн жараларды хирургиялык жол менен дарылоо.

7. Көз алмасынын алдыңкы жана арткы сегменттеринен бөтөн заттарды алып салуу.

8. Көрүү органына пластикалык хирургия.

9. Коз жашы дренажынын бузулушуна операциялар.

10. Страбизм үчүн булчуңдарга операция.

11. Көз алмасына жасалган операциялар: энуклеация, эвиссерация.

12. Көз орбитасына операциялар.

13. Коньюнктивалык пластика менен птеригияны алып салуу.

Көздүн коьюнктивасынын, көздүн кабыгынын, хороидинин, линзасынын, айнекчесинин, көздүн торчосунун, көрүү нервинин, көздүн кошумча аппаратынын оорулары менен ооругандардын бардыгы, курч жана өнөкөт сезгенүү оорулары, дегенеративдик оорулар менен ооругандар стационардык жардам алышат.

2017-жылдан бери Швейцариянын Кызыл Жарым Ай коому менен биргеликте иш алып баруунун натыйжасында операциялык блок үчүн медициналык жабдуулар-операциялык микроскоп, факоэмульсификатор, УЗИ аппараты, жылчык лампа берилген. Кызыл Жарым Ай коомунун жардамы менен калктын аялуу катмарындагы көздүн патологиясын аныктоо үчүн республиканын түштүгүндөгү алыскы райондорго чыгуулар уюштурулган. Непалда жаш адистер үчүн окуу уюштурулуп, дарыгерлер: Арапбаева У., Кадыров С. жана Аралова Г. билимдерин өркүндөтүп келишти.

КНР менен Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен түзүлгөн өкмөттөр аралык меморандумга ылайык, 2023-жылы Кытайдан келген офтальмологдор 337 бейтапка, 2024-жылы 237 бейтапка бекер операция жасашкан. Гуманитардык негизде көздүн микрохирургиясы бөлүмүндө 7 миллион сомдук диагностикалык жабдуулар жана операциялык бөлмөдөгү 6 млн. сомдук жабдууларды калтырышкан. 2024-жылдын күз айларында дарыгер С. Кадыров, Х. Жумалиева Индия мамлекетине барып билим алып келишти. Ал эми 2025-жылдын апрель айында дарыгер А. Алиеваны Кытай Эл Республикасына окууга жиберүүнү пландаштырышууда. Жыл сайын көздүн микрохирургия бөлүмүнө үч облустан: Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынан 1600 дөн ашык бейтап даарыланып чыгышат. Көз оорусуна чалдыккан бейтаптар заманбап офтальмологиялык жабдууларды колдонуу менен дарыланат.

Катаракта –бул көздүн чечекейинин бозорушу, көздүн көрүүсүнүн начарлашы болуп эсептелет. Ал эми глаукома болсо, көздүн ички басымынын көтөрүлүшү, эт өсүүсү, көздүн жаш кетүүчү түтүктөрүнүн тосулушу, көздүн шамалдашы, көздүн тамырларынын ичкериши, кургашы жана көздүн тордуу челинин ажырашы. Ошондой эле дарыгерлер тарабынан көзүнөн ар кандай жаракат алгандарга да операция жасалып, дарыланып, калыбына келтирилип чыгарылат. Ракоэмульсификация катаракты азыркы убакта заманбап медициналык аспаптар менен жасалып жатат. 2022-жылы көздүн микрохирургия бөлүмүндө 1400 адам, 2023-жылы 1744 адам, 2024-жылы, 1643 адам дарыланып чыгышкан.

Ал эми көзүнө операция жасатып чыккандар жөнүндө айта кетсек, 2022-жылы 1053 адам, 2023-жылы 1447 адам, 2024-жылы 1284 адамга операция жасашкандыгын айтып кетмекчибиз. Жогорудагыдай жооптуу кесипте эмгектенген медицина кызматкерлеринин эмгеги баа жеткис байлык. Адамдардын өмүрүнө аралжы болуп, өмүрүнө өмүр улап, көзү көрбөй келген адамдарга операция жасап, көздүн көрүүсүн жакшыртып коюшат. Мындай колу жеңил, врач-хирургдарга алкыш айтып, ичиңден ыраазы болосуң. Бөлүмдүн башчысы, жогорку категориядагы дарыгер-хирург, КРнын “Саламаттыкты сактоонун мыктысы”40 жылдык тажрыйбасы бар, жаш дарыгерлердин устаты, жамаат арасында кадыр-баркы бар инсан Арыков Айдарали Борконович жогорку категориядагы дарыгер-хирург, 45 жылдык тажрыйбага ээ Исаков Нурмамат, жогорку категориядагы дарыгер Арапбаева Уултай Нурпазыловна, 12 жылдан бери эмгектенип келишет. Аралова Гүлнара Сарбагышевна биринчи категориядагы дарыгер. Кадыров Сагынбек Махаммадомарович, Жумалиева Ханзада Жумалиевна, Алиев Адилет Өмүрбекович - жаш адистер. Ал эми бейтаптарга укол берип, көздөрүнө дары тамчылатып турган мээримдүү медайымдардын катарына Г.Сакибаева, Б. Мажиева, З. Джалиева, Р. Камытова, Э. Джакыпова, М. Алимжанова, М. Тешебаева, сестра-хозяйка ж. б. медайымдар эмгектенишет. Палаталардагы тазалыкты сактаган санитаркалардын эмгегине, 3 маал даамдуу тамак берген ашпозчуларга жалпы эле көздүн микрохирургия бөлүмүндө иштегендерге ыраазычылык билдиребиз.





**Бурма Ысакова,**
**Кыргызстан журналисттер Союзунун мүчөсү.**

**Акционерлер чогулушу**

Пазыл Саипжанов атындагы "Тулпар" ААКнун Директорлор кеңеши, коомдун акционерлеринин кезексиз жалпы жыйыны 2025-жылдын 10-май күнү саат 10-00дө коомдун жыйындар залында өткөрүлөөрүн кабарлайт. Акционерлерди каттоо паспорт аркылуу 09-00дөн баштап 10-00гө чейин жүргүзүлөт. Дареги: Өзгөн шаары, Ленин көчөсү-49.

**Күн тартиби:**

1. Жыйналыштын эсептөө комиссиясын шайлоо. Абдурахманов А. Турдиев Х. Солпуев Э. Бекитүү.
2. Өзгөнавтостанция жайгашкан жерин мамлекетке ыктыярдуу түрдө өткөрүп берүү.

***

**Совет Директоров ОАО "Тулпар"** им. Пазыла Саипжанова сообщает, что 2025 года 10 мая в 10-00 часов, по адресу6. Г. Узген ул. Ленина-49 в зале заседаний общества, состоится внеочередное общее собрание акционеров, форма очная. Регистрация акционеров по паспорту с 9-00 до 10-00 часов.

**Повестка дня:**

1. Избрание счетной комиссии собрания
2. О добровольной передаче территории автостанции государству.

**ххх**

**АООТ "Авиценна"** извещает Вас,что связи нервной акционеров на собрание 8 апреля 2025года кворум 30,4% собрание переносится на 14 мая 2025 года 10.00часов по адресу:г. Карасу ул.Ленина 9 в здании АООТ,с повесткой дня:

1.Избрание счётной комиссии.
2.Отчет финансово-хозяйственной деятельности за 2024 год.Утверждение годового баланса, счета прибылей и убытков.
3.Отчет ревизионной комиссии.
4.Выборы совета директоров.
5.Выборы ревизионной комиссии.
6.Распределение прибыли за 2024г.
7.Исполнения готового бюджета за 2024г и утверждение годового бюджета 2025год.
8.Решения собрания о проведения Аудита.

***

**ААК "Авиценна"** төмөнкүчө маалымдайт: 2025-жылдын 8-апрелине белгиленген акционерлер жыйынына байланыштуу кворум 30,4% түзгөндүктөн, жыйын 2025-жылдын 14-майына, саат 10:00гө жылдырылды. Жыйын төмөнкү даректе өткөрүлөт: Кара-Суу шаары, Ленин көчөсү 9, АААК имараты.

**Күн тартиби:**

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо.
2. 2024-жыл үчүн каржылык-чарбачылык ишмердүүлүк тууралуу отчет. Жылдык балансты, киреше жана чыгымдар эсептерин бекитүү.
3. Ревизиялык комиссиянын отчету.
4. Директорлор кеңешин шайлоо.
5. Ревизиялык комиссияны шайлоо.
6. 2024-жыл үчүн пайда бөлүштүрүү.
7. 2024-жылдык бюджеттин аткарылышы жана 2025-жылдын жылдык бюджетин бекитүү.
8. Аудит жүргүзүү тууралуу чечим кабыл алуу.

**ххх**

**«Сымбат» ААК** 2025- жылдын 04-апрелинде Ош шаары, Масалиева пр., 78 дарегинде жалпы жылдык чогулуш өткөргөндүгүн билдирет. Түрү – күндүзгү. Кворум - 68,11%.

**Чогулушта чечим кабыл алынды:**

1. Эсептөө комиссиясынын курамы: Абдурахманов А., Сулайманова Ч.С., Шамырбекова Н. – бекитилсин – «макул» - 100%
2. 2024-жылдын финансы-чарбалык ишмердүүлүгү жөнүндө коомдун директорунун отчету бекитилсин – «макул» - 100%
3. Текшерүү комиссиясынын отчету жана аудитордун кортундусу бекитилсин – «макул» - 100%
4. 2024 жылдын балансы, кирешелер жана чыгашалар жөнүндөгү отчету бекитилсин – «макул» - 100%
5. 2024- жылы алынган таза кирешени бөлүштүрүү бекитилсин – «макул» - 100%.
6. 2025 –жылдын бюджети бекитилсин – «макул» - 100%.
7. Директорлор кенешинин мүчөлөрүнө 2025-жылда төлөнүп берилүүчү компенсациялардын өлчөмү бекитилсин – «макул» - 100%.
8. 2025-жылга аудитор болуп «Финэкспертиза» ЖЧКдан бекитилсин – «макул» - 100%

**Маалымат үчүн тел.: 8-31-84**

***

**ОАО «Сымбат»** сообщает об итогах годового общего собрания акционеров, которое состоялось 04 апреля 2025 года по адресу: г. Ош, Масалиева, 78. Форма собрания- очная. Кворум – 68,11%

**Собрание постановило:**

1. Утвердить состав счетной комиссии: Абдурахманов А., Сулайманова Ч.С., Шамырбекова Н. – «за» -100%.
2. Утвердить отчет директора ОАО «Сымбат» о финансово-хозяйственной деятельности за 2024 год – «за» -100%.
3. Утвердить отчет ревизионной комиссии и заключение аудитора – «за» -100%.
4. Утвердить годовой баланс, отчет о прибылях и убытках общества за 2024 год – «за» -100%.
5. Распределение прибыли за 2024 год – «за» -100%.
6. Утвердить бюджет общества на 2025 год – «за» -100%.
7. Утвердить размер выплачиваемой компенсации членам Совета директоров на 2025 год – «за» -100%.
8. Утвердить аудитора общества из ОсОО «Финэкспертизы» за 2025 год – «за» -100%.

**Телефон для справок: 8-31-84**

**АКЦИОНЕРЛЕРДИН ЧОГУЛУШУ**

**«Жибек Жолу» ААК** 2025-жылдын 4-апрель күнү жалпы акционерлердин жылдык жыйыны өткөрүлгөндүгүн билдирет. Анда 9 маселе каралды жана төмөндөгүлөр кабыл алынды: дивидендге 49% бөлүндү: 1 040 520 сом, дивиденд берүү күнү 10.04.2025, бир акцияга 8,00 сом, акционерлердин тизмеси 04.04.2025, резервдик фондго 44 %, маданият фондуна 5 %.

**СОБРАНИЕ АКЦИОНЕРОВ**

**ОАО "Жибек Жолу"** извещает о том, что проведено общее годовое собрание акционеров 4 апреля 2025 года. На собрании было рассмотрено 9 вопросов. На общем собрании приняты: на дивиденды распределено 49%: 1 040 520 сом, дата выдачи выплаты дивидендов 10.04.2025, на одну акцию 8,00 сома, день списка акционеров 04.04.2025, в резервный фонд 44%, фонд культуру 5%.

**ххх**

**Совет директоров ОАО «Тулпар»** имени Пазыла Саипжанова сообщает, что 28 марта 2025 года в 10:00 часов, по адресу: г. Узген, ул. Ленина-49, в зале заседаний Общества, состоялось общее собрание акционеров по итогам 2024 года, форма очная.

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. Избрание счетной комиссии собрания. За: 99.82%, против - 0.18%, воздержались - 0%.
2. Утверждение отчета Правления Общества по итогам 2024 год. За: 99.82%, против - 0.18%, воздержались - 0%.
3. Утверждение отчета ревизора и заключения независимого аудитора по итогам 2024 года. За: 99.82%, против - 0.18%, воздержались - 0%.
4. Утверждение отчета о доходах и расходах , а также баланса за 2024 год. За: 99.82%, против - 0.18%, воздержались - 0%.
5. Утверждение порядка выдачи дивидендов и распределения прибыли по итогам 2024 года. За: 99.82%, против - 0.18%, воздержались - 0%.
6. Утверждение бюджета Общества на 2024 г. За: 99.82%, против - 0.18%, воздержались - 0%.
7. Выборы нового состава Совета Директоров За: 99.82%, против - 0.18%, воздержались - 0%.
8.Утверждение обьема выплачиваемой компенсации членам Совета директоров За: 99.82%, против - 0.18%, воздержались - 0%.
9. Назначение аудита Общества За: 99.82%, против - 0.18%, воздержались - 0%.
10. Выборы ревизора общества. За: 99.82%, против - 0.18%, воздержались - 0%.

***

**Акционерлер чогулушу болуп өткөндүгүн кабарлайт**

**«Тулпар» ААКнун** Директорлор кеңеши, акционерлердин жалпы жыйыны 2025-жылдын 28-март күнү саат 10-00 дө коомдун жыйындар залында өткөрүлгөнү жөнүндө кабарлайт. Дареги: Өзгөн шаары, Ленин көч-49

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Жыйналыштын эсептөө комиссиянын курамын шайлоо.
Абдурахманов А, Турдиев Х, Солпуев Э.
Макул: 99.82%, Каршы: 0.18%, Калыс: %.
2. Коомдун башкармалыгынын 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча отчетун бекитүү.
Макул: 99.82%, Каршы: 0.18%, Калыс: %.
3. Коомдун 2024-жылдын жылдык жыйынтыгы боюнча текшерүүчүнүн жана көз карандысыз аудитордун отчетун бекитүү. Макул: 99.82%, Каршы: 0.18%, Калдык: %.
4. Коомдун 2024-жылдык балансын, чыгашалар жана кирешелер жөнүндө отчетун бекитүү. Макул: 99.82%, Каршы: 0.18%, Калдык: %.
5. Коомдун 2024-жылдагы пайдасын бөлүштүрүү жана дивиденд берүү тартибин бекитүү. Макул: 99.82%, Каршы: 0.18%, Калдык: %.
6. Коомдун 2025-жылга бюджети боюнча бекитүү. Макул: 99.82%, Каршы: 0.18%, Калдык: %.
7. Директорлор кеңешинин жаңы курамын шайлоо. Макул: 99.82%, Каршы: 0.18%, Калдык: %.
8. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө төлөнүп берилүүчү компенсациялардын өлчөмүн бекитүү . Макул: 99.82%, Каршы: 0.18%, Калдык: %.
9. Коомдун аудитору дайындоо. Макул: 99.82%, Каршы: 0.18%, Калдык: %.
10. Коомдун ревизорун шайлоо. Макул: 99.82%, Каршы: 0.18%, Калдык: %.

**Жараксыз деп табылсын**

Кара-Суу районуна караштуу Эркинбаев Аширбекке таандык "В","С" категориясындагы айдоочулук күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

1999-жылы Ош медициналык колледжи тарабынан Боронбаева Акилай Карыевнага берилген дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

2023-жылы Ош мамлекеттик университетинин юридикалык факультети тарабынан Ташполотов Арнал Таирбековичке берилген дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

Жеке ишкер Абдакимов Алишерге таандык болгон ИНН 21201196600630 номерлүү жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

Ош технологиялык университети тарабынан 1997-жылы Алимбеков Нурбек Каарыевичке берилген № ГВ-05424 диплом жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

Маматалиева Жыпаргүл Маматкадыровнага Ош мамлекеттик университетинин химия кошумча биология адистиги боюнча бүтүргөндүгү тааралуу 2005-жылы 25-августта катто №1073 болгон №СД 051066151 дипломунун 2 барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**СЫНАК**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жарандык мамлекеттик административдик кызмат орундарынын башкы жана улук тобунун ички кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык сынак жарыялоо жөнүндө:

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты Кыргыз Республикасынын Президентининин 2022-жылды 2-февралындагы №24 Жарлыгы менен бекитилген «Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн, аны түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартиби жөнүндө Жобосуна" ылайык Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын административдик кызмат орундарынын башкы жана улук кызмат орундарынын ички резервине киргизүү үчүн ачык сынак жарыялайт.

Кадрлар резервинин башкы тобуна кирүү үчүн (бир бирдик) талапкерлер төмөнкү квалификациялык талаптарга шайкеш келиши керек:

Жогорку билим: мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу, менеджмент, юриспруденция, финансы, экономика, айыл чарба жана гуманитардык илимдер чөйрөсүндөгү.

Иш стажы мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы 3 жылдан кем эмес, же тиешелүү кесиптик чөйрөдө 5 жылдан кем эмес иш стажы.

Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдары:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети" жөнүндө конституциялык Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Маалымат алуу укугу жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама жөнүндө №120 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама.

Тийиштүү тармактагы ченемдик укуктук актылар:

- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети" жөнүндө конституциялык Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамы;- Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Конституциялык Мыйзамы;
-Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-майындагы №171 Жарлыгы менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодекси".

Кадрлар резервинин улук тобуна кирүү үчүн (эки бирдик) талапкерлер төмөнкү квалификациялык талаптарга шайкеш келиши керек:

Жогорку билим: мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу, юриспруденция, менеджмент, финансы, экономика жана гуманитардык илимдер чөйрөсүндөгү.

Иш стажы мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы 1 жылдан кем эмес, же адистиги боюнча стажы 3 жылдан кем эмес.

Жалпы ченемдик укуктук актылары:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз республикасынын "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама жөнүндө №120 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама.

Тийиштүү тармактагы ченемдик укуктук актылар:

- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети" жөнүндө конституциялык Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйза-

(уландысы 7-бетте)

(башталышы 6-бетте)

мы;

- Кыргыз Республикасынын "Элдик Курултай жөнүндө" Конституциялык Мыйзамы;

-Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-майындагы №171 Жарлыгы менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодекси".

Конкурска катышуу үчүн төмөнкү документтер талап кылынат:

- конкурстук комиссиясынын төрагасынын наамына талапкердин жеке арызы (кызматтын тобун көрсөтүү менен);

- резюме (электрондук почтаны, СИН жеке идентификациялык номерин жана соттуулугу бар, же жок экендиги жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү менен);

- өздүк таржымал (өмүр баян) өз колу менен жазылган, соттуулугу бар жана жок экендиги жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү менен);

- нотариустан же акыркы иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн негизги жана кошумча билимин (бар болсо) ырастаган документтеринин көчүрмөлөрү;

- нотариустан же акыркы иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү;

- илимий даражаны жана илимий наамды (бар болсо) ыйгаруу жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү;

- паспортунун көчүрмөсү.

Конкурска катышуу үчүн жогорудагы документтерди жарыя берилген сайттын, же гезиттин чыгарылган күнүнөн баштап 10 календардык күн ичинде төмөнкү дарекке тапшыруу зарыл: Ош шаары, Ленин көчөсү-221, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты, 2-кабат 21-кабинет. Байланыш номери:(03222) 7-03-33, 0557 10-12-10. Сынак өтүү күнү жана өтүү орду кошумча маалымдалат.

### СЫНАК

Баш-Булак айыл аймагы төмөндөгү «Өнөр жайынын, транспорттун, энергетиканын, байланыштын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер" категориясындагы муниципалдык жер аянттарына ачык конкурс жарыялайт.

1. Лот № 1
№62-контур 1,68га
№63-контур 4,16
№64-контур 5,08га
№65-контур 1,80га
Жалпы аянты 12,72га

Кичик айылында жайгашкан. Баштапкы ижара акысы 381 600(Үч жүз сексен бир миң алты жүз) сом жылына. Кепилдик төлөм 38 160 сом

2. Лот № 2
№46-контур 0,20 га
№47-контур 3,43 га
№48а-контур 12,11 га
№49-контур 0,02 га
№50-контур 4,24 га
Жалпы аянты 20,0 га

Ош-Иркештам унаа жолдун 43-чакырымында жайгашкан 20 га аянттын баштапкы ижара акысы 600 000(алты жүз мин) сом жылына. Кепилдик төлөм 60 000 сом

Конкурстун шарттары:
1. Арыз(өздүгүн аныктаган документ, юридикалык жактарга каттоо күбөлүгүнөн көчүрмө)
2.Ишкананын долбоорун даярдап сунуштоо (эскиздик проект).
3.Ишкананы курууга карата каражаттын(-долбоордун наркынын) көлөмү.
4. Жаңы технологиялардын жабдылышы.
5.Иш тажрыйбасы.
6.Кадрлардын камсыздалышы.

Конкурс 20- май күнү саат 10 до Баш-Булак айыл өкмөтүнүн жыйындар залында өткөрүлөт. Байланыш тел. 0556 222 305, 0755 009 366 , 0558 755 705

### Собрание акционеров

**ОАО «УСТА» извещает акционеров, что:**

- 12.04.25г.в г. Ош, по ул. Атабаева, б/н состоялось открытое общее годовое собрание акционеров ОАО «УСТА».
- Количество владельцев акций - 37, среднегодовое количество работников –36 чел. .
- Кворум составил _85,5_15 % .

**По повестке дня:**
1. Избрали счетную комиссию
2. Заслушали и утвердили Отчет ген. директора о ФХД за 2024 год и утверждение годового баланса, счета прибылей и убытков за 2024г.
3. Заслушали и Утвердили Отчет рев. Комиссии.
4. Утвердили Порядок распределения прибыли.
5. Утвердили бюджет на 2025 г.- 50,0млн. сом.
6. Избрали членов ревизионной комиссии в старом составе.
7. Выбрали аудитора : ОсОО «Шапы Аудит».
8. Дали согласие на имущественный залог.
9. Дали согласие на право подписи подписания контрактов.
10. Дали согласие на подписание кредита.
11. Дали согласие на продажу, приобретение и списание основных средств.

Все вопросы повестки дня рассмотрены с положительными 100% решениями.
- На дивиденды направлено 151,2тыс. сом, или 30% от чистой прибыли;
- На развитие производства - 252,0тыс.сом от чистой прибыли
- Размер дивиденда на 1 акцию составляет 23,71 сом
- Выплата будет производиться в денежном выражении по адресу: г. Ош, ул. Атабаева, 146а, Тел. 0500 140 118

## Отчет о финансовом положении ОАО «УСТА» на 31.12.24г. (тыс. сом)

| Код строк | | На начало отчетного периода | На конец отчетного периода |
|---|---|---|---|
| | Активы | 41505,3 | 26224,1 |
| 100 | Оборотные активы | 32525 | 21073,6 |
| 200 | Вне оборотные активы | 8980,3 | 5150,4 |
| | Обязательства и капитал | | |
| 300 | Краткосрочные обязательства | 2672,1 | 8567,6 |
| 400 | Долгосрочные обязательства | 0 | 0 |
| | Итого обязательства | 2672,1 | 8567,6 |
| | Собственный капитал | 51,4 | 51,4 |
| 511 | Уставный капитал | 104,7 | 104,7 |
| 524 | Капитал авансированной собственности | 5695,5 | 9266,9 |
| 530 | Нераспределенная прибыль | 8080,8 | 8233,3 |
| 540 | Резервный капитал | 24910,7 | 0 |
| 599 | Итого обязательства и собственный капитал | 41505,3 | 26224,1 |
| | **Отчет о совокупном доходе за 2024 год** | | |
| | Выручка | 55644,6 | 98902,3 |
| | Операционные расходы | 55421,6 | 98342,3 |
| 100 | Прибыль/ убыток (30± 60 -90) | 223,0 | 560,0 |
| 160 | Прибыль/убыток до вычетов налогов (100±150) | 223,0 | 560,0 |
| 170 | Расходы по налогу на прибыль | 22,3 | 56,0 |
| 180 | Прибыль от обычной деятельности (160-170) | 200,7 | 504,0 |
| 1261, 2200 | Чистая прибыль/ убыток отчетного периода (180±190) | 200,7 | 504,0 |

## КУЛАКТАНДЫРУУ

Жерде жүрүүчү жана суу транпорту департаментинин Ош аймактык башкармалыгы , төмөнкү маршруттар боюнча автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууга уюштурууга сынак жарыялайт:

| Лот № | Каттамдын номуру жана аталышы | Автобустарды жөнөтүү убактысы | Автобустарды жөнөтүү орду | Автобустардын керектүү саны |
|---|---|---|---|---|
| II | III | IV | V | VI |
| №15 | № 204 Өзгөн-Какыр | Кетүү 07-00дөн 18-00 чейин | Өзгөнавтостанция | 9 |
| | №210 Өзгөн-Ана-Кызыл | Кетүү 07-00 дөн 18-30 чейин | Өзгөнавтостанция | 9 |
| | № 342 Өзгөн-Мырза-Арык | Кетүү 07-30дан 18-30 чейин | Өзгөнавтобекет | 10 |
| | № 205 Өзгөн-Октябрь ч/з Чынбай | Кетүү 07-00дөн 18-30 чейин | Өзгөнавтобекет | 2 |
| | № 405 Өзгөн-Жылалды | Кетүү 07-00дөн 19-00 чейин | Өзгөнавтостанция | 7 |
| | № 254 Өзгөн-Кызыл-Чарба | Кетүү 07-00дөн 17-50 чейин | Өзгөнавтостанция | 2 |
| | №202 Өзгөн-Адыр | Кетүү 07-00дөн 17-00 чейин | Өзгөнавтостанция | 2 |
| | № 328 15-жаш-Ош | Кетүү 07-30дөн 13-40 чейин | 15-жаш айылы | 2 |
| | № 400 Өзгөн-Кара-Суу | Кетүү 07-30 чейин 16-00 чейин | Өзгөнавтобекет | 2 |
| | №351 Куршаб-Кара-Суу (паритет) | Кетүү 07-00 чейин 13-00 чейин | с. Куршаб | 6 |
| №16 | №345 Ош-Ак-Босого | Кетүү 06-30дан 13-30 чейин | Ошунаабекети | 2 |
| | № 399 Ош-Эркеш-там | Кетүү 07-00дан 12-30 чейин | Ошунаабекети | 2 |
| №17 | № 366 Кара-Суу-Мөөнөк-Жаны-Барак-Опытная поля | Кетүү 07-00дөн 19-00 чейин | Кара-Суу шаары | 50 |
| | №101 Шаар ичи Ынтымак | Кетүү 07-00дөн 19-00 чейин | Кара-Суу шаары | 25 |
| | | | | |
| №18 | №545 Ош-Таш-Көмүр (паритет) | Кетүү 12-40 | Ошунаабекети | 2 |
| | №540 Ош-Кербен (паритет) | Кетүү 8-10, 9-30 чейин | Ошунаабекети | 5 |
| | №542 Ош-Ала-Бука (паритет) | Кетүү 7-30 дан 8-30 чейин | Ошунаабекети | 3 |
| | №517 Ош-Бишкек ( сезонный, паритет) | Кетүү 5-30, 6-30,7-30,8-30 чейин | Ошунаабекети | 8 |
| | №355 Т.П Достук-Кара-Суу | Кетүү 07-00, 19-00 чейин | ТП. Достук | 18 |
| | №518 Ош-Балыкчы (сезонный) | Кетүү 08-00 | Ошунаабекети | 4 |
| | №300 Автобекет №2-Кара-Суу | Кетүү 08-00 ден 17-00 чейин | Ошунаабекети | 10 |
| | №222 Т.П Аэропорт-Достук | 24 саат бою. | ТП Достук | 12 |
| | №351 Кара-Суу-Куршаб | Кетүү 08-00 дон 17-00 чейин. | Кара-Суу автостанция | 5 |
| | №370 Кара-Суу-Кыш Абад | Кетүү 07-00дөн 18-00 чейин | Кара-Суу автостанция | 9 |
| | №357 Кара-Суу-Кызыл-Кошчу | Кетүү 07-00дөн 18-00 чейин | Кара-Суу автостанция | 12 |
| | №352 Кара-Суу-Правда | Кетүү 10-00дон 14-00 чейин | Кара-Суу автостанция | 2 |
| №19 | №446 Ош-Кашка-Суу | Кетүү 07-00дөн 14-00 чейин | Ошунаабекети | 2 |
| | № 447 Ош-Ачык-Суу | Кетүү 07-00дөн 14-00 чейин | Ошунаабекети | 2 |
| | №444 Ош-Дароот-Коргон | Кетүү 07-00дөн 18-00чейин | Ошунаабекети | 8 |
| | №435а Ош-Үч-Дөбө | Кетүү 06-00дон 14-00 чейин | Ошунаабекети | 3 |
| | №445 Ош-Сары-Могол | Кетүү 08-00 дөн 14-00 чейин | Ошунаабекети | 3 |

Конкурска юридикалык же жеке жактар, ишкердик иш субъекти катары катталган жүргүнчүлөрдү ташууга тиешелүү уруксаттамасы бар ишкерлер катыша алат.

Конкурстук сунуштар, маалыматтар электрондук түрүндө тапшырылышы керек.

Конкурстун катышуучулары, конкурстун документтерин төмөнкү даректен ала алышат:

Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Памирский тракт көч., 1, тел:(0222) 88884 .

Билдирмелер жана конкурстук документтер 19-апрель 2025-жылдан баштап 18-май 2025-жылы саат 18:00гө чейин кабыл алынат.

Сынак Транспорт жана коммуникациялар министирлигинин Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ош аймактык башкармалыгында 19-май 2025-жылы төмөнкү дарек боюнча Кыргыз Республикасы, Ош шаары., Памирский Тракт көч., 1 дарегинде саат : 10-00 дө өткөрүлөт.

**Сынак комиссиясы**

## Жараксыз деп табылсын

Өмүрзаков Элдияр Жаркынбаевичке таандык Ош мамлекеттик юридикалык институту тарабынан 6- июнь 2017- жылы берилген № УВ 170083641 регистрация номери 269 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Кара-Суу районундагы "Полотпай-Ата" дыйкан чарбасынын (ИСН 01711200410030) мөөрү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

# Арналган илим-билимге
# Асыл ой анын дилинде

М.В. Ломоносовдун “Илим – бул чындыктын так таанып-билүүчүсү, акыл-эстин агартуучусу, турмуштун кынтыксыз кубанычы, жаштыктын даңазасы, карылыктын тирөөчү, шаардын, полктун куруучусу, бактысыздыкта ийгиликтин чеби, бактылуулукта жасалга, бардык жерде ишенимдүү жана ажырагыс шерик” деген учкул сөзү биздин маараке ээсинин жашоо образына толук бойдон шайкеш келет. Биз сөз кылуучу инсан – кыргыздын аял лингвисттеринин арасынан өзүнүн акындык таланты, сезимталдыгы, сөзмөрлүгү, калыстыгы менен өзгөчөлөнгөн Памира Кадырбековна. Бул адам – талыкпай эмгектенген, көздөгөн максатына өжөрлүк менен жеткен, лингвистиканын корифейи, нукура илимпоз, тил таануунун чоң тармактары болгон германистика, маданият аралык коммуникация, лингвомаданият таануу жана лингвистикалык прагматика боюнча чебер адис. Аталган багыттардын изилденишине ал өз салымын кошуп 100дөн ашуун илимий макалаларын жарыялаган, 6 окуучусу диссертацияларын ийгиликтүү коргошкон. Кыргыз салыштырма тил илимин калыптанышына кошкон зор салымы үчүн ага Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин “Эмгек сиңирген изилдөөчүсү”, “Билим берүүнүн эмгек сиңирген кызматкери” жана “Мыкты лектор” деген ардактуу наамдар ыйгарылган. Профессорлук окумуштуулук наамды ал илимдин кандидаты мезгилинде эле алган.

Анын 70 миң сөздү камтыган немисче-кыргызча сөздүгү эң көп таркалган китептердин катарын толуктап, жаштар арасында чоң популярдуулукка ээ болду. 2011-жылы Билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен басылып чыккан “Введение в теорию межкультурной коммуникации” аттуу окуу китеби, 2012-жылы жарык көргөн “Лингвокультурологические и лингвокогнитивные аспекты межкультурной коммуникации”, 2014-жылы чыккан “Лингвистическая прагматика экспрессивных речевых актов в немецком и кыргызском языках”, “Лингвокультурологические вербальные аспекты межкультурной коммуникации” аттуу монографиялары окумуштуулардын жүрөгүнөн түнөк тапкан. Ал эми “Verbale Aspekte Deutsch-kirgisischer interkultureller Kommunikation (Немис жана кыргыз маданият аралык коммуникациясынын вербалдык аспекттери, 258 б.)” аттуу монографиясы 2021-жылы Берлинде –штаб-квартирасы Бернде (Швейцария) жайгашкан, эң ири эл аралык “Peter Lang” илимий басмаканасынын “Европа ЖОЖдорунун илимий изилдөөлөрү” аттуу сериясында жарык көргөн. Бүгүнкү күндө бул басмакананын филиалдары Берлинде, Брюсселде, Франкфурт Майнда, Нью-Йоркто, Оксфорддо жана Венада бар жана негизинен илимий эмгектерди англис, немис, жана француз тилдеринде гана басып чыгарат. Бул эмгегинде автор немис жана кыргыз элинин маданияттарын салыштырма негизде изилдеген.



Учурда маданият аралык коммуникация, тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиктери боюнча аткарылган иштерде аталган эмгектерге шилтемелер бат-бат жасалып турат.

Аспирантураны Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинде аяктап, кандидаттык ишин ошол жакта коргошу, докторантурасын Иоганн Вольфганг Гете атындагы Франкфурт университетинде улантышы, Калинин мамлекеттик университетинде, Л. Максимилиан атындагы Мюнхен университетинде, М. Торез атындагы чет тилдер институтунда илимий стажировкалардан өтүшү, Германия, Австрия, Швейцария, Испания ж.б. чет өлкөлөрдө илимий-изилдөөчүлүк иш сапарларында болуп келиши ага глобалдык билим берүү мейкиндигине жуурулушуп, дүйнөлүк алдыңкы тажрыйбаларды өз мекенине алып келип жайылтууга шарт түздү.

Памира Кадырбековна поэзияга кызыгат, шыгы, жөндөмү бар, бош убактысында ыр жазат. Анын “Илим тууралуу поэма” аттуу эмгеги филологдор тарабынан жылуу кабыл алынган. Айрым саптарынан келтирели:

Таптакыр жок деп жатпайбы
Илимде түптүз туура жол.
Таштак жолду баспайбы,
Кылгысы келсе кызмат мол.
Илимпоз болом дегендер
Талыкпай казып окусун,
Багынтар анан илимдин
Жаркырак бийик чокусун.

Мында илим жолунда автор дуушар болгон турмуштук мүшкүлдөр жана көптөгөн тоскоолдуктар сүрөттөлгөн, табылгалар, жаңы натыйжалар баяндалган. Кыргыз элине таанымал инсандарга, коомдогу актуалдуу темаларга арналган көркөм чыгармалар жаралып, жарыяланып, мекенчилдик мүнөздөгү лирикалык ырлар немис тилинде да берилген. Айрым кыргыз акындарынын чыгармалары немис тилине которулуп киргизилген. Кыргыз Республикасынын эл акыны Нурпаис Жаркынбаев анын ырларына өзүнүн жогорку баасын берген. Китеп мыкты поэтикалык жанрда жазылып, ийкемдүү юмор менен сугарылып, эгерде адам максат койсо, баарына жете тургандыгы белгиленген.



Германия президенти менен

П.К. Кадырбекова филологиялык илимдер боюнча түзүлгөн диссертациялык кеңештерге көп жылдан бери мүчө болуп, дайыма өзүнүн калыс пикирин билдирип келет. Тил илиминин кайсы гана маселеси болбосун, ага өз кошумчалары менен мамиле кылып, жетишкендиктер болсо, аны белгилеп, кемчилиги болсо, аны айтып, эч нерседен тайманбай илимге ак кызмат кылып келе жатат. Анын диссертациялык иштерге эксперт, оппонент катары берген пикирлери тактыгы, объективдүүлүгү менен айырмаланат. Келечекте окумуштуу болом деген дээринде бар жаш адистерге туура жол көрсөтүп, өзүнүн бараандуу кеп-кеңештерин берет. Илимий чөйрөгө келгенде анын тууганы, тааныш, көңүл жакыны, кесиптеши жок, окуган иштерин калыс баалайт, өзүнүн принциптеринен тайбайт. Белек-бечкек берип, жумушун жасай калып, жасакерленип дагы анын пикирин өзгөртө албайсың, ал барды бардай айтат. Ушул мүнөзү менен көпчүлүктүн урмат-сыйына татып жүрөт. Анын коомдогу кадыр-баркынын көтөрүлүшүнө адилеттүүлүгү түрткү болууда. Диссертациялык кеңештин жыйындарында айткан айрым учкул кептерине токтоло кетсек:

1. “Окумуштуулук даража изденүүчүнүн аракети үчүн эмес, илимге кошкон салымы үчүн берилүүсү абзел”.
2. “Илим чындыкка, аны ачууга кызмат кылат”.
3. “Кызмат кылат чындыкка илим деген түшүнүк, эмдигиче калгандыр элдин баары түшүнүп”.
4. “Чындык талаш-тартыштан жаралат, а бирок, кайым айтышуу (полемика) талашуудан да өйдө турат”.
5. “Коргоо учурунда суроолор эксперттерге эмес, изденүүчүгө берилүүгө тийиш”.
6. “Оппоненттерди илимге сиңирген эмгегине карап дайындашат. Илимдин өнүгүшүнө салым кошо элек жаш адистер бул вазипадан баш тартканы дурус”.
7. “Баркы кетти илимдин, кечээ жаңы жактаган “оппонент” болуп илинди. Бекитээрде жогортон, ким экени билинди”.
8. “Оппоненттик милдет өтө жоопптуу, эгерде диссертациялык иш бекилбей калса, анда оппонент дагы күнөөлүү болот”.
9. “Оппонент гана айта алат, ат көтөргүс чоң “Ой”ду. Оппонент сындан өткөндөр, ойго келбес чоңойду”.
10. “Оппонент деген бирөө бар, принциптерге таянат. Кылгысы келбейт эч кимге, кыңыр иштеп кыянат”.
11. “Оппонент деген башка бар, көз каранды башкадан, өзүнүн кылдай ою жок, башкаларга таянат. Талдаса да канчалык, чыгара албайт тыянак. Бирөөлөрдүн сунушун, дайым каалайт угушун”.
12. “Иш диссертациялык кеңешке тапшырылганга чейин адис тарабынан тыкыр окулуп, редакцияланып чыгыш керек”.

99 мыкты сапатынын ичинен биз анын илимге жасаган кылдат мамилесин баалайбыз. Ал лингвистикалык адабияттарды кылдат жана тыкан окуп чыгууну адатка айландырган. Андыктан эмгектеринде кайсы авторлордун кандай эмгектери каралбай калгандыгын жаш изденүүчүлөргө жана окуучуларына заматта эле көрсөтүп берет. Анын шакирти болом дегендерге кеңеш катары биз да төрт сап ыр келтирели:

Аспиранты болом десең эжейдин,
Жалкоолонбо, бекерликке берилбе.
Ал жактырат идиректүү шакиртти
Илим жаатта качырбагын жеңилге.

Филология илимин
Багындырды бул айым.
Жаштарга чачып билимин,
Калыс мүнөз ал дайым.

Маараке илимий чөйрөдө гана ири ийгиликтерди багындырбастан, бир нече жетекчилик кызматтарды дагы татыктуу аркалап келе жатат. 1992-1998-жылдары И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин немис тили, 1998-2009-жж. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин германистика жана маданият аралык коммуникация кафедраларын башкарган. 2009-2011-жылдары Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин чет тилдер институтунун директору болуп эмгектенген. Ошондой эле аталган университетинин чет тилдер факультетин көп жылдар бою жетектеп келген. Ал бул кызматты ээлеп турганда факультетте ири жетишкендиктер жүз берди, жамааттын ынтымагы бекемделип, инфраструктура жакшырып, эл аралык байланыштар чыңдалды. Кош дипломдуулук программалары ишке кирди, тил жана маданият борборлорлору ачылып, Германиядан ири гранттар алынып келинди.

Александр фон Гумбольдт атындагы эл аралык сыйлыктын лауреаты болушу, Кыргызстандагы илимпоз-гумбольдтчулардын ассоциациясынын негиздөөчүсү аталып, президенти катары шайланышы, эл аралык илимий-практикалык конференцияларды башында туруп уюштурушу анын анык лидерлик сапаттарынан кабар берет. 2016-жылы өлкөбүздөгү айымдардын арасында өзүнүн ийгиликтүүлүгү жана белгилүүлүгү менен айырмаланып “Кыргызстандын аялдары” аттуу энциклопедияга кирди.

Илим алуунун эң башкы ачкычтарынын бири – бул тил билүү. Эжекенин көпчүлүккө анча белгисиз талантынын бири – полиглоттуулугу. Ал кыргыз, орус жана немис тилдерин С-2 деңгээлде эле билбестен, бул тилдерде ыр жазып, котормо жасайт. Англис, казак, өзбек тилдеринде эркин сүйлөйт. Ал эми түрк тилинде өзүнүн оюн жетиштүү түшүндүрө алат.

Илимий карьерасы менен эриш-аркак үлгүлүү үй-бүлөлүк турмуш курууга да жетишти. Жолдошу экөө 3 уул, 2 кызды тарбиялап өстүрүштү. Аларга сапаттуу билим бере алышты. Уулдарынын бири апасынын жолун жолдоп, илимдин кандидаты болду. Дагы бир уулу Тажикстан өлкөсүндө эл аралык байланыштарды чыңдоо багытында эмгектенип келет.

Урматтуу Памира Кадырбековна, Сиздин 18 жашка толгон торколуу тоюңуз менен чын дилден куттуктайбыз! Бул символдук белгилүү сан акылмандык менен илимий жана турмуштук бай тажрыйбанын айкалышы деп билебиз. Сиз бүткүл аң-сезимдүү өмүрүңүздү илимге кызмат кылууга жана поэзияга арнадыңыз. Мына бүгүн мээнетиңизден баар таап, илимдин туу чокусуна жетип отурасыз. Сиз кыргыз лингвистикасынын жаңып турган жылдызы катары сыпаттоого толук татыктуусуз. Сизге бекем ден-соолук, узак өмүр, бакыт-таалай жана жемиштүү чыгармачылык ийгиликтерди каалайбыз! Дайыма маңдайыңыз жарык болуп, элибизге-журтубузга ак кызмат кылып, жаштарга баалуу кеп-кеңештериңизди айтып, илим үчүн калыс мамиле жасап жүрө бериңиз!

**К.З. Зулпукаров,**
**филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер.**
**С.М. Амиралиев,**
**филология илимдеринин кандидаты, доцент.**